2022-жылдын бештин айынын «09-да»
№ 14 Буйругу менен
бекитилди жана ишке киргизилди

**«Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын**

# АРАЛЫКТАН/ДИСТАНЦИЯЛЫК ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

Бул Аралыктан/дистанциялык тейлөө тартиби жана шарттары (мындан ары - Тартип), Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, «Акча Булак» Микрокредиттик компаниясы» Жоопкерчилиги Чектелген Коомунун (мындан ары – Коом) укукка жана аракетке жөндөмдүү жеке жактардын дарегине багытталган аралыктан/дистанциялык тейлөө жөнүндө келишим түзүүгө сунушу болуп саналат, келишимдин шарттары бул сунушта төмөндө камтылган. Келишим жооп берген жеке жактын (мындан ары - Кардар) акцепти кабыл алынган учурдан тарта жазуу түрүндө түзүлдү деп эсептелет. Акцепт «О!Деньги» мобилдик тиркемесиндеги (мындан ары - Мобилдик тиркеме) жеке кабинет, Коомдун Программалык камсыздоосунун атайын бөлүмү, орнотулган жана ага биринчи жолу кирген учурдан тарта жасалды жана кабыл алынды деп эсептелет. Акцепт толук жана шартсыз болуп саналат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 402-беренесине ылайык Кардар тарабынан Тартип түзүлүп, анын бардык шарттары кабыл алынгандыгын билдирет. Кыргыз Республикасынын (мындан ары - КР) мыйзамдарынын талаптарына, Коомдун ички ченемдик документтерине (мындан ары - ИЧД) жана Тартипке ылайык Кардарды аралыктан тейлөө режиминде идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосун кошо алганда Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүү ийгиликтүү өткөн шартта гана, ошондой эле Кардар аралыктан банктык кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон бардык документтерди жана/же маалыматтарды берген шартта гана Тартип күчүнө кирет. Бул Тартип ал күчүн жоготту деп таанылганга чейин же анын жаңы редакциясы жарыяланганга чейин колдонулат.

Бул Тартип кредиттөөнү аралыктагы/дистанциялык режимде жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген Коомдун Программалык камсыздоосун (мындан ары – ПК) туташтыруу жана колдонуу тартибин аныктайт, КРдин колдонуудагы мыйзамдарына, ИЧДге жана Кредитор болуп дагы саналган Коомдун саясатына ылайык иштелип чыкты. Тартип Коомдун (Кредитордун) жана Өтүнүүчү/Зайымчы катары чыгып жаткан жеке жактардын (мындан ары - Кардар) ортосундагы укук мамилелерин жөнгө салуу максатында, аралыктан кредит берүүгө («Онлайн кредитөө») байланыштуу иштелип чыкты.

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

1.1. Онлайн кредиттөө – Коомдун ПКнын атайын бөлүмүндөгү Кардардын жеке маалыматтарын дистанциялык башкаруусу, ал Коом тарабынан берилет жана Кардарга аралыктан/дистанциялык жол менен кредит алуу жөнүндө өз алдынча эркин билдирүү мүмкүнчүлүгүн, кредит алууга байланыштуу башка иш-аракеттерди жасоо мүмкүнчүлүгүн берет.

1.2. Коомдун Программалык камсыздоосу (ПК) – кардарларды кредитөөнү аралыктагы/дистанциялык режимде жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

1.3. Электрондук төлөм документи (мындан ары - ЭТД) – Коомго электрондук жол менен берилген, Кардардын электрондук кол тамгасын колдонуу менен, тиешелүү идентификациялык маалыматтар менен түзүлгөн жана тастыкталган Коомдун кызматтары боюнча операция жүргүзүү тууралуу Кардардын дистантциялык буйрутмасы жана/же тиешелүү арызы.

1.4. Электрондук кол тамга – ЭТДга кошулган жана (же) аны менен логикалык байланышкан жана анын атынан ЭТДга кол коюлган адамды аныктоо үчүн пайдаланылуучу электрондук формадагы маалымат. Кардардын электрондук кол тамгасы коюлган ЭТД Кардар өзү кол койгон кагаз түрүндөгү документке теңдеш маанидеги электрондук документ деп таанылат.

## 2. ЖАЛПЫ СҮРӨТТӨМӨ

2.1. Коом, Интернет желесине кирүү мүмкүнчүлүгүнө жана/же тиешелүү керектүү техникалык жабдыкка ээ болгон Кардарга, белгиленген келишимдик шарттардын негизинде, КРдин мыйзамдарында каралган жана/же Кардардын электрондук кол тамгасын колдонуу менен түзүлгөн тиешелүү келишимдердин шарттарында каралган Коомдун башка кызматтарын көрсөтүүнүн тартибинде жана шарттарында, ПК аркылуу Кардардын «Онлайн кредиттөө» боюнча операцияларын жүргүзүү кызматтарын көрсөтөт.

2.2. Кардар көрсөтөлүүчү кызматтарды, бул Келишимде каралган шарттардын негизинде операция жүргүзүлгөн учурга карата колдонуудагы Коомдун тарифтерине ылайык төлөйт.

## 3. КАРДАРДЫ ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

3.1. Кардарга ПКда көрсөтүлгөн Коомдун тарифтерине ылайык кызматтар көрсөтүлө алат. Кызматтардын көрсөтүлгөн тизмеси биротоло толук болуп саналбайт жана Коом тарабынан бир тараптуу тартипте өзгөртүлө жана/же толуктала алынат.

3.2. ПКдагы тейлөө Кардарга Кардардын персоналдык компьютеринин, планшетинин, мобилдик телефонунун жана башка түзмөктөрүнүн жардамы менен Интернет желеси аркылуу аралыктан көрсөтүлөт.

3.3. Кардар, айрым келишимдик мамилелер аныкталгандан кийин, Коомдон ПКга кирүү мүмкүнчүлүгү үчүн маалыматтарды алгандан кийин ПКда тейленүү укугуна ээ болот.

3.4. . Коргоонунун кошумча каражаты болуп кардар тарабынан берилген телефон номерлерине бир жолку сыр сөздөрдү алуу же SMS жөнөтмө/push-эскертүүлөр аркылуу бармактын изин/face id жана аутентификациянын башка ыкмаларын колдонуу болуп саналат. Коомго берилген Кардардын телефон номерин пайдалануу менен тиешелүү мобилдик жабдууну же Кардардын биометриялык маалыматтарын колдонуу учурларын кошпогондо, бир жолку сыр сөзсүз ПКга кирүү мүмкүн эмес.

3.5. Кардардын ПК аркылуу операция жүргүзүү жөнүндө ЭТДсы, Кардардан алынган КРдин мыйзамдарына ылайык таризделген кагаз түрүндөгү буйрутмаларга теңдештирилет.

3.6. Кардардын ПКда операцияларды жүргүзүү жөнүндө буйрутмалары же арызы Кардар тарабынан системада тастыкталган ЭТД түрүндө электрондук ыкма менен берилет.

3.7. Накталай эмес формада эсептешүү Кардар үчүн Коом тарабынан авторизация документин аткарууга алуу жөнүндө тастыктоону алуу учурунан кайра чакыртылгыс болуп калат жана Кардардын эсебинен/эсептеринен каражаттарды чыгаруу учурунан – биротоло бүткөн болуп калат.

3.8. Коом төмөнкү учурларда Кардарга ПКга кирүү мүмкүнчүлүгүн токтото турат/токтотот:

3.8.1. Маалыматтарды (колдонуучунун атын, сыр сөздү) 3 (үч) жолу катары менен ийгиликсиз киргизүү аракетин аткарганда;

3.8.2. ПК менен иштөөдө техникалык бузулуулардын келип чыгышында;

3.8.3. ПКны алмаштырууда жана/же жана профилактикалык иштерди жүргүзүүдө;

3.8.4. Кардарды тейлөө менен байланышкан талаш кырдаалдын келип чыгуусунда;

3.8.5. КРдин мыйзамдарында каралган башка учурларда.

3.9. Кардарларды тейлөө үчүн телефон номери: +996 702 000 405.

3.10. Аралыктан/дистанциялык тейлөө аркылуу ишке ашырылуучу бардык операциялар кызматтарды берүүчүнүн тиешелүү системасында өз ара эсептешүү аяктаган жана биротоло бүткөн эсептешүүлөр жүргүзүлгөн учурдан тарта тастыкталган жана биротоло бүткөн (шарттарсыз жана кайра чакыртылгыс) болуп эсептелет.

3.11. Коом, Кардар жүргүзгөн операциялар жөнүндө банктык сырды сактайт жана алар боюнча маалыматтарды КРдин мыйзамдарында каралган учурларда гана берет.

3.12. Коом, Кардардын каттоо жазуусун Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча токтоосуз бөгөттөйт.

3.13. Коом мүмкүн болуучу техникалык көйгөйлөрдү акылга сыюучу мөөнөттө чечтетүү үчүн чараларды көрөт.

3.14. Коом, Кардар тарабынан жүргүзүлүүчү операциянын реквизиттери толук эмес/туура эмес көрсөтүлгөн, аны жүргүзүү мөөнөттөрү бузулган учурда, жүргүзүлүүчү операциянын КРдин мыйзамдарына туура келбеген, анын ичинде кылмыштуу кирешелерге каршы аракет көрсөтүү же аларды легализациялоо (адалдоо) боюнча жана террористтик же экстремисттик ишмердүүлүктү каржылоо боюнча КРдин мыйзамдарынын талаптарына туура келбеген учурда, Кардардын эсебинде/эсептеринде операцияны жүргүзүү үчүн жана/же Коомго жүргүзүлүп жаткан операция үчүн сыйакы төлөө үчүн акча каражаттарынын жетишсиздиги учурларында, ошондой эле КРдин

мыйзамдарында каралган учурларда Кардарга ПКда операция жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу

3.15. Коом, электрондук төлөмдөрдү жүргүзүүнүн коопсуздугунун максатында, эгерде Кардардын ПКны колдонуу менен Коомго акыркы кайрылуу учурунан 3 (үч) айдан ашык өтсө, Кардардын ПКга кирүү мүмкүнчүлүгүн бөгөттөөгө укуктуу. Кардардын ПКга кирүү мүмкүнчүлүгүн кайра жаңылоо Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча жүргүзүлөт.

3.16. Коом ПКда операциялар боюнча жалпы лимиттерди белгилөөгө/өзгөртүүгө укуктуу.

3.17. Коом, КРдин колдонууданы мыйзамдарында каралган учурларда Кардардан операциялардын мыйзамдуулугун жана экономикалык максатка ылайыктуулугун тастыктоочу документтерди берүүнү талап кылууга укуктуу.

3.18. Коом, КРдин мыйзамдарында каралган учурларда эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдөн бир тараптуу баш тартууга укуктуу.

3.19. Кардар, Коомдун кызматтарын Коомдун колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөөгө милдеттүү.

3.20. Тараптар (Коом жана Кардар) жеңилгис күчтөгү кырдаалдар (форс-мажор) күчүнө кирип турган мөөнөттө жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажордук кырдаалдарга таянган Тарап экинчи Тарапты компетенттүү мамлекеттик орган тарабынан чыгарылган тастыктоочу документин берүү менен, мындай кырдаалдар башталган күндөн 10 (он) иш күнүнөн кечиктирбей жазуу жүзүндө маалымдоого милдеттүү.

3.21. Коом төмөнкүлөргө жоопкерчилик тартпайт:

3.21.1. төмөнкүлөрдүн бузуктугу жана/же коопсуздугу үчүн: Кардардын жабдуусунун, программалык камсыздоосунун, байланыш каналындагы коммуникацияларынын, үчүнчү тараптан камсыздалуучу каражаттар жана кызматтар (Интернет провайдери ж.б.);

3.21.2. белгиленген коопсуздук жана конфиденциалдуулук чараларын Кардар тарабынан аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу үчүн;

3.21.3. эгерде Кардардын эсеби камоого алынса же ал боюнча операциялар Кардар тарабынан бул Тартип, келишим менен каралган тартипте жана/же КРдин мыйзамдарына ылайык токтотула турса, Кардардын ПКны колдонуу менен көрсөтмөлөрүн аткарбоо үчүн;

3.21.4. эгерде Кардар тарабынан арызда көрсөтүлгөн электрондук дарекке Коом тарабынан маалымат жөнөтүлүп, маалымат ыйгарым укуктуу эмес адам тарабынан алынган үчүн, ошондой эле маалымат алуу үчүн электрондук дарек Коомго Кардар тарабынан маалымдалбастан өзгөртүлгөндүгү үчүн.

3.22. Эгерде Кардардын дарегине болгон бардык билдирүүлөр, корреспонденция ж.б. Кардар көрсөткөн реквизиттер боюнча жөнөтүлсө, алар жеткирилди деп эсептелет. Өзгөртүүлөр болгон учурда – Кардардын жазуу жүзүндөгү билдирүүсүндө көрсөтүлгөн дарек боюнча.

3.23. Кардар колдонуп жаткан ПК маалыматты иштеп чыгууда, сактоодо, кабыл алууда жана жөнөтүүдө ишенимдүү жана эффективдүү ишти камсыздоо үчүн жетиштүү.

3.24. Кардар колдонуп жаткан технологиялар санкцияланбаган кирүү мүмкүнчүлүгүнөн коргоо үчүн, ошондой эле ЭТДнын аныктыгын тастыктоо үчүн жетиштүү болушу тийиш.

3.25. Идентификациялык маалыматтар же кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган түзмөктөр жоготулган, уурдалган, үчүнчү жактарга берилген же үчүнчү жактар тарабынан пайдаланган учурлар толук түрдө Кардардын жоопкерчилик аймагына кирет.

3.26. Даттанууларды жана дооматтарды карап чыгуу/берүү/кабыл алуу тартиби Коомдун Керектөөчүлөрдүн кайрылууларын карап чыгуу жол-жобосуна ылайык жүзөгө ашырылат.